Бакчиев Т.
*И.Раззаков ат. КМТУ*

# ТЕМИРЛАНДЫН САЯСАТЫ ЖАНА ТОКТОГУЛ ЫРЧЫ

М.Абдылдаев түзгөн “Легендарлуу ырчылар жана сынчылар” аттуу китебинде: “Токтогул ырчы өзү Баткен өрөөнүнөн болгону менен, анын тагдыры Самарканга жакын жерден орун алган, атактуу Аксак Темирдин айылы Кожо-Илгар (азыркы Бужун) менен тыгыз байланышкан... Токтогул кыйла мезгил Аксак Темирдин сарайында кол ырчы болуп да жүрөт” [1:19] деген маалымат кездешет. Ошондо, Катаган уруусунан чыккан Темирландын канкор желдети Кудаяндын элге кылган кордугун Токтогул ырчы эл ичинде мындай деп ырдаган экен:

“Кудаяндын тушунда куурап калдык,
Кууругуч баштуу кожону туурап
калдык.
Айыпсыз ата-энени кыргын чалып,
Ысар-Көлөп сүрүлүп чуулап калдык...
Адамзат бул жалганга келген конок.
Динине Мухамеддин киргизем деп,
Конокту кордук кылдың боюн тоноп.
Кескениң Темир кандын душманы эмес,
Кудаян, бул айтканың жалган
жомок.
Арбагы Кыргыз кандын сени урар,
Кыргызды кыйын кыйнап салдың домок” [2:55] (курсив Т.Бакчиевдики).

Акындын бул ыры Кудаянга жетип, анын каарын келтирип, Токтогулду жазалоо үчүн Самаркандагы Темирланга жөнөтөт. Ошондо Токтогул Темирланга карай мындай деген экен:

Жанымды аларың бар.
“Амириң күчтүү болсо,
Бирок мен жалынбаймын,
Тагдырга таарынбаймын,
Өлтүрсөң өлөрүм бар,
Өлбөөчү өнөрүм бар.
Астыртсаң, денем калар,
Ырларым оттой жанар” [2:53].

Анын мындай тике, таамай айтылган сөзүнө ачуусу келген Темирлан эл алдында Токтогулду дарга тарттырып, сөөгүн жашырууга тыюу салып, бөрү-кушка жем кылып талаага таштатат. Жогоруда берилген Токтогулдун ырларында ырчынын өзүнө эмес, жалпы кыргыз элине кылган бийликтин мамилеси айтылууда. Өзгөчө, ислам динин күч менен кыргыздарга киргизүү иш-аракети ырчы тараптан катуу сынга алынгандыгы үчүн, Темирлан Токтогулду өлүм жазасына буйруп жатат. Демек, бул жагынан алганда, кыргыздар XIV кылымга чейин ислам динин толугу менен кабыл алган эмес деген жыйынтыкка келүүгө болот. Токтогулдун сөзү менен айтканда, ал кездеги кыргыздар үчүн ислам динин кабыл алуу кыйноо болгон. Токтогулдун Кудаянга карата айтылган каргыш-сөзүндө да өзүнүн, мүмкүн, ошол кездеги жалпы кыргыз элинин түшүнүгүндө, кыргыз үчүн Кыргыз кандын арбагы ислам дининен алда канча ыйык, кымбат жана жакын экендиги даана байкоого болот.

Жогорудагы мисалдарда берил-гендей, Азербайжанды, Арменияны, Грузияны, Түндүк Кавказды, Иранды, Иракты, Ооганстанды, Орто Азияны, Алтын Ордону, Крымды, Индияны, Сирияны, Түркияны, Мисирди багындырып, титиретип турган Темирлан сыяктуу падышанын саясий ишмердүүлүгүнө карата болгон Токтогулдун ыр менен айткан сынын,

анын акындык, ырчылык чыгармачылыгынын чеберчилиги катары баалоого болот. Кызык нерсеси, Токтогулдун падышалар тарабынан көргөн мындай кордугу жана өлүмү анын манасчы эмес, чындыкты бетке айткан тайманбас акындыгынын, ырчылыгынын натыйжасы иретинде берилип жатат. Ал эми элдин эсинде Токтогул ырчы, акын эле эмес, манасчы катары да сакталып, эл оозунда манасчы катары айтылып келгендигин да эске алуу абзел. Буга далил катары, Тоголок Молдонун жогоруда аты аталган чыгармасына дагы бир ирет кайрылып көрөлү:

"...Ырамандын соңунан,
Иши келип оңунан.
Элден таап нускасын,
Арбытып айтып кыскасын.
Толубай сынчы сындаган,
Токтогул ырчы ырдаган.
Токтогул ырдап турганда,
Элдин баары тындаган.
Көрүп туруп көз менен,
Жомок кылып сөз менен.
Ырамандын Ырчы уул –
Жомокчунун башчысы.
Баарын тизген Токтогул –
Бул жомоктун ачкычы..."
[3:134].

Токтогулду Тоголок Молдо Ырамандын Ырчы уулунан кийинки "Манасты" айткан катардагы манасчы эмес, "Манастын" окуяларын иретке салган, "Манас" эпосунун "ачкычы" деп так, даана айтып жатат. Демек, суроо туулат, ошол кездеги бийликтин кыжырын келтирген Токтогулдун ырларыбы же айткан "Манасыбы"? Эгер "Манас" эпосун айткандыгы үчүн жазаланса, анда эмне үчүн Токтогулдун эл оозунда сакталып калган ырларында "Манас" жөнүндө эч нерсе айтылбайт (Тоголок Молдонун мисалын эске албаганда)? Бул маселеге келгенде, так жооп берүү азырынча мүмкүн эмес. Бул тууралуу манас таануучу С.Мусаев да төмөндөгүдөй өз оюн билдирет: "Легенданын турмуш чындыгында канчалык туура келерине кепил болуу кыйын... Элдин өзү оозеки сактап келген маалыматтарга караганда, "Манастын" алгачкы ыр саптарын Ырчы уул түзүп, эпостун өзүн легендарлуу ырчы Токтогул жараткан экен. "Манас" жөнүндөгү илимдин бүгүнкү деңгээлинде мындан тагыраак жоромол айтуу кыйын" [4.144-б., 146-б.]. Ачыгын айтканда, "Ырамандын Ырчы уулунан кийинки "Манасты" иретке салып айткан манасчы Токтогул болгон!" деген ойду биз Тоголок Молдонун чыгармасындагы ыр саптарына гана таянып айтып келебиз.

Белгилүү кыргыз тарыхчысы А.Асанкановдун пикири боюнча: "Ислам дини азыркы Кыргызстан аймагында жашаган урууларга IX-XII кк. жайыла баштаган. Кыргыздардын мусулман ишенимин кабыл алгандыгы тууралуу маалыматтар XVI к. жазылган "Тарых жана Рашиди", "Мажму атут-таворих", "Жалис жана Муштадин", "Зийа аль-Кулуб" ж.б. тарыхый булактарда чагылдырылган. Ал эми исламды кабыл алганга чейинки мурдагы диний салттарын жана ырым-жырымдарын кыргыздар XVI к. чейин эле эмес, андан кийинки мезгилдерге чейин да сактай алган. Сейфи деген осмон түрк тарыхчысы "кыргыздарды капыр деп да, мусулман деп да айтууга болот" деп жазган (XVI к.). Махмуд ибн Вели деген дагы бир тарыхчы кыргыздарды динге ишенбеген эл, "алар исламды өзбектердин келиши менен гана кабыл алган" (XVII к.) деп эсептеген [5:194]. Ушул сыяктуу эле ойду түрк тилдүү элдердин байыркы ишенимдерин изилдеп жатып А.Никонов мындай деп жазат: "Ислам динин кабыл алгандан кийин Борбордук Азиядагы түрк тилдүү элдердин (кыргыз, казак, түркмөн, өзбек) байыркы мифологиясы толугу менен сүзүлгөн. Түрк тилдүү мусулман элдеринин Теңир деген сөзүнүн ордуна Аллах келди. Алардын кылымдар бою өмүр сүрүп келген бир кыйла ыйык түшүнүктөрүн

мусулман түшүнүктөрү сүрүп чыгарды. А түгүл, түрк тилдүү элдердин байыркы түлөө ырым-жырымын да мусулмандардын Курман майрамы сүрүп салды. “Алтын бичик” аттуу ыйык китепке кирген түрк тилдүү элдеринин байыркы эпостору, уламыштары ислам дини тарабынан жокко чыгарылып жатты. “Алтын бичиктин” толук үлгүсүндө Теңир-кандын үч уулу тууралуу уламыш да айтылат. Ал үчөөнү жалпы Үч-Курбустан деп аташкан. Алар: 1. Гесер (моңгол тилдүү элдердин үлгүсүндө) же Манас (түрк тилдүү элдердин үлгүсүндө); 2. Теңиз же Чыңгыз (Чыңгызкан эмес – Т.Б.); 3. Эрен-Шайын же Эр Төштүк. Үч-Курбустандын ар биринин аткара турган озуйпасы да болгон: Манаска – “борбордук уюлдун” падышасы, кара күчтөрдөн жана желмогуздардан жер үстүн тазалоочу, жоокердин колдоочусу, Түндүктүн падышасы деген озуйпа жүктөлгөн; Теңиз же Чыңгызга – жер үстүндө бийлик жүргүзүүчү милдет жүктөлгөн; Эрен-Шайын же Эр Төштүккө – жер астында бийлик жүргүзүүчү жана 18 тозоктун куткаруучусу деген милдет тагылган” [6:61-70].

XIII-XV кк. азыркы Кыргыз-стандын аймагында жашаган “калктын диний ишенимдери олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Кандарды өз тарабына тартуу жаатында христиандар, буддисттер жана мусулмандар ортосунда күрөш күчөгөн. Көптөгөн Чыңгыз тукумдары христианчылык рухунда тарбияла-нышкан эле, ошондуктан алар мусулмандар менен да, буддисттер менен да каршылаш болушкан. Жалпы алганда, алар шамандар болушкан.

Ал эми маданият жаатына келгенде, XIII-XV кк. кыргыз маданияты аз изилденген. Улуттук тарыхнаамада моңгол Жапырыгы Орто Азиянын, анын ичинде Кыргызстан элдеринин экономикалык жана маданий прогрессин артка тарткан деп эсептелип келген. Чынында эле, ал өндүргүч күчтөрдү кыйратуу, миндеген чебер кол өнөрчүлөрдү кулдукка айдап кетүүлөр менен коштолгон эле. Бирок мунун баары Чыңгыз кандын жана анын аскер башчыларынын баскынчыл жортуулда-рынын мезгилинде жана андан кийин Кыргызстанда маданий өнүгүү таптакыр болгон эмес дегендикке жатпайт. Этностук жактан алганда, моңголдорду түрк тилдүү уруулар ассимиляциялап алышкан эле. Алардан “могол” этноними гана калган. Түндүк Кыргызстан аймагында этносаясий бирикме түзүлгөн, ага кыргыз урууларынын көбү кирген. Мына ошентип, XIII-XV кылымдарда Кыргызстан маданияты калыптанган кыргыз элинин маданиятынын, түрктөшкөн моголдордун маданияты-нын, түрк тилдүү көчмөндөрдүн жана Мавераннахрдын, Чыгыш Түркстандын көп кылымдык салты бар отуруктуу-дыйканчылык маданиятынын негизинде түзүлгөн” [7:116, 118] деп белгилейт тарыхчы Ж.Момбекова.

XIV кылымда Орто Азияда түзүлгөн Мавераннахр мамлекетинин башына өзүнүн дини менен, өзүнүн саясий программасы менен Темирлан келген. Темирландын доорунун башталышы менен Орто Азияда эле эмес, ал багындырган Азиянын башка элдеринде да кескин өзгөрүүлөр жүрө баштаган. Ал өзгөрүүлөр, анын карамагына өткөн элдердин турмушуна жана келечегине оң да, терс да таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошол учурду, ошол тарыхый доорду Темирлан өзү өмүр баянын жаздырып жатып, мындай дейт: “Кан тактасына бекем отургузуп, кан таажысын төбөмө кийгизип, элге бийлик жүргүзүүнү Кудай мага буюрган. Кудай тараптан мындай мамилеге жетүүдө мен өзүмдөгү он эки адеп-ахлак сапаттарыма милдеттүүмүн” [8:46] деп келип, он эки сапатынын ар бирине токтолуп, жаздырып кетет. Ал эми биз өзүбүздүн ишибиздин максатына ылайык, алардын айрымдарына гана кайрылып өтмөкчүбүз. “Мен Исламдын туусун бийик көтөрдүм жана динди жайылтуу менен өзүмдү бийик сыймыкка ээ кылган кубаттуу жигерге жетиштим. Ишеним жана улуулук бир жерден жаралган деген ойду эшиткеним бар, андыктан бекем ишенимге негизделген күч-кубат гана туруктуу боло алат. Саид, аалым, шейхтерге өтө терең урматтоо менен мамиле кылып келдим. Мен өткөргөн жыйын-кеңешмелериме алар катышып, дин маселесине байланыштуу бардык токтомдорду кеңешип, алардын сунуштарын так аткарып турдум. Бул үчүн эл мени кадырлап, чын дили менен жакшы көрүп мамиле кылды. Жогоруда айтып өткөн адамдарга мындай мамиле кылуумдун

себеби, Константин падышанын үлгүсүн тутундум; бул такыба башкаруучу аскер топтоп, Райга каршы чабуулга аттанып бара жатып, Рай падышанын жыйынында саид, аалым, шейхтер кеңеш куруп жатканын угуп, Константин Райга каршы кол салуу оюнан баш тартып, аскери менен кайра кайтууга шашат. Ал эми өзүнүн жакындарына жана аскер башчыларына кол салуудан баш тарткандыгынын себебин түшүндүрүп келип, Самауви китебинен мисал келтирет: “Эгер падышанын кеңешмесинде бийик руханий даражага ээ болгон адамдар катышып жатса, андай падышаны жеңүүгө эч кимдин кудурети жетпейт; Өзүмдүн кайрымдуулугум менен мен эң төмөнкү катмардагы селсаяк бечаралардын да алкышына ээ болдум. Алардын ал-абалын жөндөөгө мен болгон күчүмдү жумшоого аракет кылдым. Мусулмандарга боор тартуу менен, алардын ар бир майда-барат жорук-жосундарына катуу талап койбоого аракет жасадым. Пайгамбардын урпактарына ар дайым татыктуу мамиле кылдым...” [8:47-48].

Ушул эле адабиятта Темирландын бийлик жүргүзүү доорунда киргизген мыйзам, токтомдору тууралуу да маалымат берилет, иликтөөбүздүн максатына ылайык, алардын айрымдарына кыскача токтолуп кетүүнү туура таптык. Анткени алардын мазмуну Темирландын кандай идеология жана кандай мамлекет түзгөндүгү тууралуу кабар берет: “Динди жана кудайдын мыйзамын калыбына келтирүү максатында мен өзүмдүн өлкөмдөгү жарандык башкаруу боюнча бир катар мыйзамдарды жана токтомдорду жарыяладым, алар менин бийлигимдин бекемдешине өбөлгө болгон: 1) Мен өзүмдүн бийлигимди исламга негиздедим...; 2) Мен өзүмдүн элимди жана жоокерлеримди коркутуп жана үмүт берип кармап келдим...; 3) Мен эч убакта өзүмдү кекчилдикке алдырган жокмун...; 4) Менин мээримдүүлүгүм, жүзүмдүн ачыктыгы жана боорукерлигим элимдин мага болгон сүйүүсүнө алып келди... Менин өлкөмдүн жерпайы жана улуулугу төмөндөгү он эки сыныптан турган токтомго таянат: Экинчи сынып – кеңеш берүүгө кудурети жете алган интеллигенттүү адамдар жана ошондой эле кайраттуулукка, даанышмандыкка ээ адамдар, көп жылдык тажрыйбасы бар карыялар менин толук ишеничиме ээ боло алышкан; мен аларга тең укуктуу мамиле кылууну талап кылдым, себеби өздөрүнүн тажрыйбасы менен алмашып жатып, алар мага чоң мүмкүнчүлүктөрдү тартуулап жатты. Үчүнчү сынып – мен такыба адамдарды да урматтап келдим. Мен жашыруун алардын дубаларынан жардам алып турдум. Менин жардамыма муктаж болуп турганда, аларга мен да жардам берчүмүн. Мен алардан бата алуу үчүн кайрылып турар элем. Тынчтык, согуш мезгилдеринде мен алардын кеңешине, сунуштарына муктаж болгом, алардын мага берген кеңеши мен үчүн абдан пайдалуу эле. Согуш күндөрү алардын кеңеши мага жеңиш тартуулап турду. Мына ушундай жагдай Токтомуштун аскеринин алдында, менин жоокерлерим тайсалдап турганда байкалды. Кудайдан түшкөн дубаны Сабдуареде туулган Мир Сиеддин окуганда, мага чоң жардам болду. Ал баш кийимин чечип, алаканын жайып, дуба окуп киргенде, биз шумдуктуудай көрүнүшкө күбө болдук... Сегизинчи сынып – мен өзүмө дарыгерлерди, астрологдорду жана геометриктерди тарттым, себеби алар мамлекеттин атагына жана жыргалчылыгына өбөлгө түзөт... Тогузунчу сынып – мен өзүмө тарыхчыларды, жылнаамаларды жана күндөлүктөрдү жазып келген авторлорду тарттым... Онунчу сынып – мен карыяларды, дервиштерди жана Кудай жөнүндө илимди аркалаган адамдарды чогултуп келдим...” [8:119-121].

Жогоруда Темирландын бийлик жүргүзүү жөнүндөгү материалдардан улам, анын жарандык коомго, илим, билим, дин кызматкерлерине, батакөй, дубакөй олуязаада адамдарга, карыяларга карата кандай мамиле кылып, кандай саясат жүргүзгөндүгү тууралуу маалымат алдык. Аларды жалпы жонунан талдай келгенде, Темирландын доору жана ал жүргүзгөн саясий идеология, негизинен, ислам динине таянгандыгын байкайбыз. Ислам дининин тазалыгын, нукуралуулугун көздөп, аны баштапкы калыбына келтирүү Темирландын саясий ишмердүүлүгүнүн негизги максаты катары каралат. Ислам динин туткан өлкөлөргө анын чабуул жасашынын бирден-бир себеби да ушунда болгон. Анын

түшүнүгүндө дүйнө жүзүндө Мухаммеддин гана мыйзамдары өкүм сүрүп, ал мыйзамдардын бурмаланышына эч кандай жол берилбеши керек эле. Дал ошол мыйзамдар аркылуу гана ал өзүнүн жана өзүнүн көзү өткөндөн кийин да урпактарына калтырып кете турган бийлигин сактап калмак. Темирландын өзүнүн сөзү менен айтканда: "Тажрыйба көрсөткөндөй, динге жана мыйзамдарга таянбаган бийлик өзүнүн кудуретин жана бийлигин көп жылга сактай албайт... Мына ошондуктан мен өзүмдүн улуу имаратымды айрым бир эрежелерди, мыйзамдарды киргизип, кошумчалоо менен исламдын негизинде курдум. Аларды мен өзүм да так аткарып келдим. Менин жүрөгүмөн орун алган эң биринчи тартип бул - динди жайылтуу жана Мухаммеддин мыйзамдарын бекемдөө..." [8:113-114] болгон.

XIII-XV кылымдар аралыгында Улуг ырчы (аты Кетбука), Жээренче чечен, Асан кайгы, Санчы сынчы, Толубай сынчы, Токтогул ырчы сыяктуу легендарлык философ ойчулдардын чыгышы өзгөчө мааниге ээ. Бул мезгилде кыргыз эли үч чоң катаал тарыхый доорду башынан кечирген. Ал үч доор кыргыз элинин саясий-социалдык, маданий, экономи-калык турмушуна чоң таасирин тийгизген үч тарыхый инсанга байланыштуу болгон. Биринчиси - Чыңгыз кан жана анын доору; экинчиси - Жаныбек кан жана анын доору; үчүнчүсү – Темирлан жана анын доору. Кыргыз элинин өзгөчө руханий же философиялык-этикалык ой-пикирлер-дин өнүгүшүнүн тарыхында бул үч доор жаңы кырларды аныктады. Ошол кездердеги социалдык карама-каршылыктар, катаал саясий кырдаалдар зарылчылык катары "легендарлык" деп аталып келген бир катар философ ойчулдарды жаратты. Алардын катарында элдин эс-тутумунда сакталып калган Токтогул манасчы да өзгөчө орунга ээ болгон. Атаганат, ошол учурда Токтогулдан сырткары дагы башка, элдин жадысында аты сакталбай калган манасчылар болду бекен? Эгер болсо, алар кимдер? Мүмкүн, Токтогулдун чыгармачылык деңгээлине жетпей калгандыктан, эл аларды унутуп калгандыр? Кандай гана ой жорубайлы, ал мезгилдеги кыргыз элинин маданий абалы азырынча биз үчүн көп жагынан жабык бойдон кала берүүдө. Айрыкча, ошол кездеги манасчылардын, "Манас" эпосунун коомдогу ээлеген орду тууралуу маалымат, Токтогул жөнүндөгү материалдан башка бизде азырынча эч кабар жок.

Адабияттар:

1. Легендарлуу ырчылар жана сынчылар: Ырлар / Түз. М.Абдылдаев. – Б.: Ала-Тоо, 1994.
2. КФ. Инв. № 5193.
3. Тоголок Молдо. Чыгармалар. II т. -Ф.: Кыргызстан, 1970.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы: "Манас" ж-а манасчылар. II том. /А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. – 2-бас. – Б.: Шам, 2004.
5. Асанканов А.А. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). Учебник для вузов. – Бишкек, 2009.
6. Никонов А.Ю. Алтун Битиг. Тенгрианство. -Алматы: Издательский Дом "Жибек Жолы", 2000.
7. Момбекова Ж.К. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы: ЖОЖдор үчүн окуу китеби. – Б.: Кыргызстан, 2003.
8. Тамерлан: Эпоха. Личность. Деяния /Сост., обр. подг. Текста Р.Рахманалиева. – М., 1992.